УДК: 316.42

**КАСЫМОВА Н. О.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
**KASYMOVA N.** O. J.
*Balasagyn KNU, Bishkek*

# КЫРГЫЗ СОЦИУМУНДАГЫ ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕЛЕР: СОЦИОМАДАНИЙ ТАЛДОО ЖУРГУЗУУ

## Тендерные взаимоотношения в кыргызском социуме: социокультурный анализ

## Gender relations in the Kyrgyz society: socio-cultural analysis

*Макалада автор гендердик мамилелер маселелеринин кээ бир аспектилерин көтөрөт. Гендердик мамилелерди адамзаттык карым-катыш аспектинде кароо керек, автор Кыргызстандын чөлкөмдөрүндөгү өндүрүштүк, административдик, үй-бүлөлүк мамилелерди аялдардын ролуна жана ордуна көңүлүн бурат. Макалада Кыргыз аялдарынын социалдык статусу, анын саясий укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү, үй-бүлөлүк жана эмгек мамилелериндеги канааттандуулары каралат.*

***Урунттуу свздвр**: гендердик мамиле; саясий укук; социалдык статус.*

*В статье автор поднимает некоторые аспекты проблемы гендерных отношений. Гендерные отношения нужно рассматривать в аспекте человеческих взаимоотношений; автор обращает внимание на роль и место женщин регионов Кыргызстана в производственных, административных, семейных отношениях. Рассматривается социальный статус кыргызской женщины, ее политические права и возможности, удовлетворенность в семейных и трудовых отношениях.*

***Ключевые слова**: гендерные отношения; политическое право; социальный статус.*

*In the article the author raises some aspects of the problem of gender relations. Gender relations should be considered in terms of human relationships, the author draws attention to the role and place of women in the regions of Kyrgyzstan in production, administrative, family relations. The social status of the Kyrgyz woman, her political rights and opportunities, satisfaction in family and labor relations are considered.*

***Keywords**: Gender relations; political law; social status.*

Кыргыз эли тандап алган демократиялык енугуу жолунда Кыргыз Республикасынын жана мамлекеттин негизги мыйзамы - елкенун Конституциясы боюнча елкенун атуулдары тец укуктуу. Бизге белгилуу болгондой, адам укуктары ар тармактуу саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укутарды камтыйт. 1997-жылы Кыргызстан 1997-жылы Кыргызстан адамдардын туруктуу енугушунун улуттук стратегиясын кабыл алган 10 пилоттук елкенун катарына кирип, анда негизги маселе катары 1995-жылы Пекинде еткен буткул дуйнелук БУУнун аялдардын ал-ахвалы тууралуу чечими каралган.

XX кылымдын ортосунда психоаналитик Р.Столлер тарабынан 'Тендер” деген термин киргизилип, коомдук илимдерде адамдардын социалдык ролу, окшоппугу жана чейредегу шли эркектердин жана аялдардын биологиялык енугуусунен эмес коомдун социалдык уюштуруулуусунан кез каранды экендиги белгилеген: Тендер - эркек менен аялдардын ез ара мамиле-лери, алардын кандайча енугуусун, иштеесун жана адамдын жашоосуна таасир беруусун талдоо эсептелет. [1] Жарандардан тец укутуулугу, алардын коомдон орун алуусу тууралуу талаш-тартышар, аялдрадын статусу, кызыкчылыгы жана интелектуалдык децгээли ар кандай кьфдаалдарда керсеткен активдуу кучтеру алардын коомдун тузулушунде эркектер менен тец ата куч катары каралышын калыптандырат. Тендер иизилдее негизги теориялык булагы болуп, либералдык ой-пикир, социалисттик традиция жана психоанализ эсептелет. Либерализм менен Агартуунун дискурсунан гендердик изил-дее эмансипация, тецдик, автономдуулук, прогресс жана башка идеяларын; илимий социализм менен марксизмден - жыныс аралык мамилелерди эксплуатация жана устемдук кылуунун социалдык езгече механизми катары тушунууну; психоанализден жыныс менен жыныстык бирдейликти социалдык жана маданий аныктоо теория-сын алган. Азыркы учурда гендердик изилдее постструктурализм, деконстукция ошондой эле башка жацы теориялык агымдар менен тыгыз байланышта. Бирок, гендердик изилдее бир-диктуу окуу, доктрина же система эмес. Негизги бириктирууму категория катары жыныс («гендер») эсептелет жана коомдун жыныстык тузулушун, жыныс аралык мамилелерди адилет-туулук менен тецдик тарапка езгертуу жана башка идеяларын коргошот. Биз ар кандай мамилелердин езгеруусу тууралуу кеп кылганы-бызда бир гана биздин мамлекеттеги транфор-мациялык процесстерди эмес жалпы дуйне жузундегу чоц кейгей тууралуу кеп кылабыз. Чет мамлекеттерди биз миц жылдап енугуунун жана жацылануунун булагы катары карап келебиз. Дуйнену жоголуп кетууден сактап калуунун бирден бир жолу катары адамдардын бири-бири менен тушунуп мамиле кылуусу жана тиреш-пеесу талап кылынат.

Гендердик мамилени биологиялык же физиологиялык енуттегу к$^{е}$з караштан кароо туура эмес. Бул барыдан мурда адамдардын ез ара мамилелешуусу жана ага психо-эмоционалдуудук жана социалдык жактан кароо талап кылынат. Бирок биринчи орунга суйуу деген бийик сезимди койбой туруп бактылуу гендердик мамиле тууралуу кеп кылууга да мумкун эмес. Гедердик мамиле - суйуу - бакыт. Эгерде адамдарда суйуу сезими болбогондо алардын ортосундагы жы-ныстык мамиле айбандык сезимден айырма-ланбаган жапайы инстинктик мамилеге айланат. Ошондой болсо да, бакыт жана гендердик мамилени барыдан мурда социалдык енуттен кароо талапка ылайык. Жубайлар бири экинчисине толук берилген жана жогорку нравадагы адамдар болгондо гана алардын курган уй-булеелук очогу бекем болуп, коомдун бир болугун тузе алат да онолуу жана туруктуу енугуу жолуна тушот. Тартипсиздик жана бузукулук алгач коомдун андан сон мамлекеттин дегредацияланышына алып келип, кылмыш-туулуктун, коррупциянын, жемкордуктун енугуу-суно негиз болуп берет. Кылмыштуулук жана акча жапайы инстинкта канааттандыруучу негиз болгондуктан чиновниктер байыш учун болгон аракетин жумшап, кылган иштери учун уялууну да билбей калышат.

Бакыт жана гендердик мамиле тууралуу кеп кылуудан мурун бакыттын озу эмне экендиги тууралуу ой жугуртуп королучу. Аристотель “Бакыт адамдын ьфахатануу сезиминен да жогорку, ото бийик жыргал сезим”[2] деген. Демек, ойчул да жыргалды канааттануучу сезимдин чеги катары караган. Ал эми жыргал ото кыска коз ачып жумганча болушу да толук мумкун экендигин эске ала турган болсок бакыт да ошондой коз ачып жумган аралыкта отуп кетуучу процесске айланат. Кыска убакытка созулган жьфгалчылыктын артында эмне деген екунуу, оксуу тургандыгьш эч ким айта албайт. Ал эми окунуч адам сезимдеринин ичинен эн оору экендиги бизге белгилуу. Ал эми чыныгы бакыт убакытка коз каранды эмес чексиздикке чейин созулган жыргал болушу шарт. Чыныгы бакыт бул келип кетуучу нерсе болбошу керек. Бул жерде баса белгилей кетуучу жагдай ез ара тушунушуу менен мамиле кылуу канчалык узак убакытка созулса ал ошончолук таза жана туура болот. Башкача айтканда, качан гана жубай-лардын бири-бирине болгон турук-туулугу жана берилуусу чексиз болуп, жылуу сезимдери узак убакытка созулган учурда гендердик мамиле бактылуулукка жеткирет.

Кайра жаралуу доорунун гуманисти Эразм Роттердамский жогоруда айтылгандардын негизинде минтип жазат “адамдагы хандык сезимди акылмандуулук жаратат”. Асыл сезимдер катары айрым бир анча орой эмес жана табигый кумарлуу сезимдерди айтсак болот. Алар ата-энени сыйлоо сезими, бир тууганга болгон суйуу, досторго болгон жакшы коруу, кыйналып жаткан адамга болгон аёо, жаман сезден, кезден коркуу, каалоо, сыйлоо ж.б. Экинчиден адамдагы жаман сезимдер адамдын акылынан айнытып аны айбан кебетесине алып келет. Булар; коре албастык, текебердик, мансапкордук, ач коздук [3].

Адам баласынын жаратылышындагы трагедия болуп качан ал курсагы ток, кийими бутун, бардыгына жетишкен учурда андагы айбандык сезими ойгоно баштайт, б. а. озундогу бар нерсеге болгон козу тойбой ал андан да бийик нерселерди эцсей баштайт. Бул болсо анын бузулуусуна чирикке айлануусуна алып келет. Кылымдар бою жыйналган асыл сапаттар чирий баштайт. Акырындык менен жоготуулар башталат. Бир гана кайгы адамды кайра тазалай алат. Кыйынчылыктар менен кыйноолор адамдагы жанылануун жана кайра жаралууну пайда кылат. Кыйын кундорду башынан откоруу менен адамдар чыдамкай жана сабырдуу, токтоо болуп калышат. Адамдагы чынчылдык, берилгендик, ишеним-дуулук баалана баштайт. Бардыгын кайра калыбына келтируучу куч пайда болот. Тазалык жана ишеним пайда болуп адам кайрадан бардыгын калыбына келтире баштайт. Ал активдуу жана чыгармачыл канааттануу жана жьфгалчылык учун иштей баштайт. Кайрадан бузукулук жана жаман сезимдерге туштугат кайра жоголот. Ишеним создоруно гана жашап калат же такьф четке кагылат. Кайра жаралат, кайра жаратат, кайра бузулат ушул айлампа адамзатта кайталана берет, кайталанып келет.

Кьфгыз Республикасынын туруктуу енугу-шунун улуттук стратегиясында гендердик мамиле тууралуу бир катар маанилуу маселелер козголот. Нравалуулукту жана ишенимди пропагандалоо. Жыныстык мамиле жубайлардын ортосунда гана болушу шарт экендигин тушундуруу. Бузуку-луктун жана тартипсиздиктин коом жана мамлекет учун зыяндуу экендигин тушундуруу. Коомдо ар кандай бузулган нерселердин кабыл алынбоосу керек. Коомдун онугушу учун жубайлардын туруктуу жана ишенимдуу мами-леси маанилуу. Бардык коом бузукулукка жана ар кандай гендердик тецсиздикке карата туруктуу каршылык корсотуусу керек. Бир гана таза, ишенимдуу гендердик мамиле гана чыныгы бакытка алып барат.

Гендердик мамиле коомдук-саясий теориялардын негизи болуп келе жаткандыгы да бекеринен эмес. Дуйно жузундо аялдардын саясатка, жарандык мамилелерге карат болгон тен укуктуулугу калыптанган. БУУнун Генералдык ассамблеясы тарабынан гендердик изилдоолор жана гендердик саясат институциализациянын денгээлине кетерулду.

Эркектер менен тец саясий укукка жетишуу менен аялдар саясий ишердикте болсун, мамлекетги башкарууда болсун бир катар ийгиликтерди жаратып келишет. Аялдар бир катар мамле-кеттерди башкарышат, эл аралык уюмдарда башкаруучулук орундарды да ээлешет, саясий партияларда болсун, коомдук кыймылдарда болсун эркектер менен тец тайлаша иштеп келишет. Ошондой болсо да аялдардын саясат-тагы орду эркектердикине Караганда алда канча аз санда. Аялдар вздору да бул багытка анча умтула беришпейт.

Бугункукуну Кьфгызстанда аяллидердин маселеси бир гана аялдарды ойлондурбайт. Биздин коом аял бир гана аткаруучулук менен чектелбей, башкаруучулукту да аркалай ала тургандыгын мойнуна алып келе жатат.

Бугунку кундв Кыргызстандагы лидер аялдын маселеси бир гана аялдарды тынчсыздандырбайт. Учурда аялдардын аткаруучулук ролдон башкаруучулукка чейин всуп жеткендигин коом тана албайт.

Эн башкысы:

Кабыл алынган жана иштеп жаткан Нормативдуу укуктук актылардын негизинде гендердик экспертизанын механизимин тузуу жана ишке ашыруу.

Гендердик саясаттын журушунун жыйын-тыгын чагылдырган индикатордук системаны колдонууну уйронуу жана оркундотуу.

Советтер Союзунун мезгилинде аялдар элге билим беруу жана саламаттыкты сактоо сыяктуу аймактардын жетекчилигин аялдар ээлеп урган. Алар жетекчилик талантка, жогорку профессионалдык децгээлге жана жоопкерчилик сезим-дин кучтуулуг менен ишке ото берилгендикке ээ болгондугун изилдоолор далилдешет.

Ишмердуулук чейросундо эркектер менен атандаштыкта бийликтин жогорку баскычына жетуу учун аялдар ездерунун эбегейсиз кучторун жана мумкунчулукторун жумшоолору зарыл. Аялдардын карьералык онугушундогу бир катар тоскоолдуктарга карбастан, социалдык процес-стин онугуусун изилдеген окумуштуулар XX кылымды «аялдардын кылымы» деп атаган. Мындай аталып калуунун тамьфык оомдогу аялдардын социалдык образынын (бейнеси, жузу) озгорушу менен тыгыз байланышта. Цивилизациянын башкы жетишкендиги болуп, аялдардын коомдогу мамилесине карата коз караштын бекемделиши, уюмдарды башкаруучулук ишке умтулуусу «ишкер айымдардын» пайда болуусу саналат. Бул болсо ез учурунда жекече умтулуулардын же коомдогу иш орундарынын камсыздалышын ишке ашыруу эмес тескерисинче коомдогу социалдык онугууну пайда болуусу. 2012-жылы Кьфгыз Республикасынын Улуттук Стратегиясы кабыл алынган 2020-жылга чейинки гендердик тец салмактуулуктун стратегиясы кабыл алынган.

Жергиликтуу кецештердеги шайлоолордогу ачык корунуп тургандай саясатттагы аялдардын жана эркетердин саясий бийликке умтулуу-ларындагы тец салмактуулуктун жок болу маселеси, мамлекет тарабынан, жарандык коом тарабынан, ошондой эле, аялдардын вздору тараптан булл маселеге тынсызданууу менен квцул буруну талап кылат.

Жергиликтуу кецештердеги аялдардын саны 16% кврсвткучтвболсо, айыл вкмвт башчылары 5% тузвт. Бугунку кундв Кьфгызстандагы жумушсуздуктун саны эркектерге салыш-тьфганда аялдарда 20% жогору. «Кыргыз Республикасындагы айылда жашаган аялдардын экономикалык мумкунчулугун кецейтуу» деп аталган Кьфгыз Республикасы менен БУУнун биргелешкен проектисинин жардамы менен аялдар вздврунун фермердик чарбачылгындагы вндурумдулукту жана кирешесин 30-70% квтврушту. Аялдардын жашоо тиричилигинин жакшьфышы менен алардын саясатка аралашуусунун натыйжасында коомдун социалдык, экономикалык жана укутук жацылануулар менен жакшьфуулар ишке ашат. “Гендердик маселе” взунчв тема катары взгвчвлвнбвйт, бирок, ишмердиктин бардык тармактарында маанилуу маселе катары каралып келет. Андыктан бул маселени негизги багыттардын бири катары карап, мамлекеттин саясий внугушундв аялдар негизги внвктвш катары всуп жетилиши керек.

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***


1 Тендерное измерение социальной и политической активности в переходный период. Сборник научных статей. Вып.4 - СПб., 1996.

2 Аристотель. Никомакова этика// Сочинение: в 4т. М, 1984г. С.66-67.

3 Эрозм Роттердамский. Оружие христианского воина// Философские произведения. М.,1987. -СП 1-114

4 Комплексная Основа Развития Кыргызской Республики до 2010 года. Общенациональная стратегия., Бишкек 2001г.

5 Данные представлены Ассоциацией Развития Тендера

6 Данные представлены Region. Kg 12.06.2014г.



***Рецензенты: Джусупбеков А. К. -*** *доктор философских наук, профессор, НАН КР*

***Урузбакиева З. К. -*** *кандидат фиософских наук, доцент КНУ им. Ж. Баласагына*